УДК 371

Боталиева У.А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АР ТАРАПТАН ӨНҮККӨН ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНЫН РОЛУ

*Бул макалада балдарды ар тараптан өнүккөн инсан катары тарбиялоодо, келечекте коомго пайдалуу ишмердүүлүккө жана турмушка даярдоодо үй-бүлө тарбиясынын мааниси чагылдырылган.*

Байыртадан бери эле адамзаттын негизги милдеттеринин бири болуп өсүп келе жаткан жаш муундарды келечекке тарбиялоо эсептелген. Өлкөбүздүн экономикалык абалы кыйындап турган мезгилде жашы жете элек балдар, өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук күчөп, ар кандай терс көрүнүштөр күч алууда. Турмушта кезигип жаткан ушундай көрүнүштөрдөн улам биздин балдарды, жаштарды тарбиялоо ишибиз солгундап баратабы деген ойго кетебиз.

Эгерде андай болсо, биз, адамдар, ал солгундоонун себептерин окутуп-тарбиялоо мекемелеринен, ар кандай уюмдардан, айлана-чөйрөдөн, коомдон издөөдөн мурун, мамлекеттин негизи болгон үй-бүлөдөн издесек болот беле деген ойду айткыбыз келет.

Элибиздин салтында байыртадан эле бала ыйык, данакер, аманат катары эсептелип, үй-бүлө платформасында кайырдуу бала болуу багытында тарбияланып келген. Бала айланасын тааный баштагандан тартып эле жаман-жакшыны, оңду-солду таанып, өзүнүн жүрүм-турумуна ээ боло баштайт. Ошондуктан чоң адамдар жашоо-тиричиликтеги жүрүм-турумубузда колдон келишинче кылдат болууга көңүл бурушубуз керек.

Мына ушул чоң адамдардын жашоодогу жүрүм-турумунун өспүрүмдөргө, жаштарга өтө таасирдүү экендигин бир окуяны угуп, дагы бир жолу катуу ынандым жана өкүндүм. Шаар ичиндеги багыттык транспортто киргендерге орун бербей, көрмөксөн болуп отурган жаш жигитти бир улуу аксакал адам уяткарып ордунан тургузуп наразы боло: − «Азыркы жаштардын тарбиясы жок, улууларды сыйлабайт, улууларга орун бербейт» − деп сүйлөнүп барып отурду эле, алиги жаш жигит: «Аксакал, а сиздер эмне мурдагыдай жаштарга устуканыңарды берип атасыңарбы?» − дептир.

Бул көрүнүштү ар тараптан карасак болот. Жаш жигиттин тайманбай улууга каяша айтышы - туура эмес, тартипсиздик. Бирок терең ойлонуп, түпкү маңызына саресеп салып көрүүгө неге болбосун. Ал жигит чоң адамдардын жүрүм-турумундагы бир гана үзүм улуттук нарк-насил жөнүндө кеп кылды, а мындай көрүнүштөр дагы көптүр… .

Ошондуктан үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилелеринин, карым-катнаштарынын балага өрнөк боло тургандыгын, анын адамдык сапатынын калыптанышына таасир этерин эстен чыгарбашыбыз абзел. Үй-бүлө жана ага жакын туугандык чөйрөлөр эң негизги тарбиялоочу борбор экендигин эске тутуу менен, ата-эне ар дайым өздөрүнүн тууган-уруктары менен болгон мамилелерин контролдоп жүрүшү зарыл. Баланын ата-энесинин бир туугандары, жакын туугандары жана башка адамдар менен мамилелери анын келечегине чоң таасирин тийгизип, багыттайт. Ушул жагдайда ата-эне балага дайыма үлгү болушу керек.

Наристенин көзүнчө тууган-уруктар, башка адамдар, мамлекет, коом, президент жана саясат тууралуу көңүл иренжитүүчү сөздөр жана көрүнүштөр болбошу өтө зарыл. Ал тургай, үй-бүлөлүк талаш-тартыш, улуулардын ортосундагы түшүнбөстүк же чатак да наристенин көзүнчө болбошу абзел. Мындай ситуациялардан баланы коргоо, андан улуулардын (ата-эненин) ийменүүсү, баланын көзүнчө мурда болуп жаткан чатакты

токтото коюу, же башка бөлмөгө барып проблеманы чечүү бул наристенин көңүлүндө үй-бүлөдө анын да орду бар экенин билүүсүнө зор өбөлгө түзөт.

Балдарды тарбиялоодо эң негизгиси алар менен сүйлөшкөндө эмес, үй-бүлөнүн турмушун туура уюштурууда, ата-энелердин керт башынын жана коомдук турмушунун уюштурулушунда экендигин унутпообуз зарыл. Мисалы, балдарга чынчылдыктын, калыстыктын, ынтымактуулуктун ж.б. мааниси жөнүндө айтып берүү жетишсиз. Балдар алардын маанисин, маңызын үй-бүлөнүн ынтымагынан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн адилет, чын, калыс иштеринен, мамилелеринен туюулары, байкоолору, көрүүлөрү керек. Мындай мамилелер, көрүнүштөр үй-бүлөдө жок болсо, алар жөнүндө айта берүүдөн бала ал сапаттарды өзүнө сиңирип, тарбия ала албайт.

Ата-энелердин жүрүм-туруму, алардын көрсөткөн өрнөгү балдардын эң асыл моралдык сапаттарынын калыптануусуна олуттуу таасир этет. Эгерде үй-бүлөдө улуулардын ортосундагы мамилелерде оройлук, сыйлабоочулук жана кайдыгерлик өкүм сүрсө, анда балдары да орой, кайрымсыз, кайдыгер болуп өсүшөт.

Ата-энелердин жана жалпысынан чоңдордун көрсөткөн үлгүсүнүн тарбиялагыч күчү алардын зоболосуна да жараша болот. Ошондуктан ата-энелердин көпчүлүгү эмгекке, коомдук иштерге өздөрүнүн кылган мамилелери менен балдарды тарбиялайт, алар иштегенде балдары сыймыктана алгыдай иштөөгө аракеттениши зарыл. Чөйрөсүндөгү адамдардын алдында чоң кишилердин зоболосу канчалык бийик болсо, алар өз балдарынын мүнөзүнө жана жүрүш-турушуна ошончолук күчтүү таасир этишерин турмушта көп эле кездештирип жүрөбүз.

Ата-эненин зоболосунун негизи, баарынан мурда, алардын турмушу жана иши, алардын граждандык жүзү жана күнүмдүк жүрүш-турушу болуп эсептелет. Эгер ата-энеси өз өлкөсүнүн таламдары менен жашап, эмгектенип, өлкөнүн алдында граждандык милдетин туура түшүнүп жана аткарса, аларды балдары да жогору баалап, кадырлап сыйлашат жана өздөрү да ошондой болууга умтулушат.

Үй-бүлө тарбиясы деп каалаган натыйжага жетүү максатында ата-энелер тарабынан жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү тарабынан балдарга таасир этүү процессинин жалпы аталышын, б.а., баланы коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлак, дене түзүлүш, ден соолук жана руханий жактан жетилген инсан катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн иш-аракеттерди айтабыз.

Бала үчүн үй-бүлө бир эле мезгилде жашоо чөйрөсү жана тарбиялоочу чөйрө болуп саналат. Үй-бүлөдө башка эч бир жерде калыптанууга мүмкүн болбой турган сапаттар калыптанат. Үй-бүлө жана бала – бири-биринин күзгүдөн чагылышуусу. Ошондой эле үй-бүлөдө баланын социалдашуусу ишке ашып, келечектеги коомдун мүчөсү өсүп чыгат.

Үй-бүлөнүн негизги социалдык *функциясы* гражданинди, патриотту, болочок үй-бүлөнүн ээсин, законго баш ийген коомдун мүчөсүн тарбиялоо болуп саналат.

Үй-бүлөлүк тарбиянын *негизги максаты* баланы келечекте өзүлөрүнүн оюндагыдай, инсандык жактан жетик, коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, ден соолугу чың адам катары тарбиялоо жана турмушка даярдоо. Үй-бүлөлүк тарбиянын максаты коомдук талаптарга ылайык болгону менен анын мазмуну жана жолдору ошол үй-бүлөгө мүнөздүү болгон айрым белгилер менен да чектелет. Башкача айтканда үй-бүлөлүк тарбиянын негизги күчү, ошол үй-бүлөгө мүнөздүү болгон *инсандык ресурстарга* байланыштуу болот. Бул, бир жагынан алганда, үй-бүлөнүн тутуму кимдерден турарына (ата-энесинин, чоң ата, чоң энесинин, бир туугандарынын ж.б. жакын туугандарынын чогуу жашашына же жоктугуна) байланыштуу болсо, экинчи жагынан, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн ден соолугу, билим деңгели, кесиптик багыты, коомдо ээлеген орду, кызыкчылыктары жана табити, нарктуулук дараметі, ар нерсеге болгон ынтызарлыгы ж.б. сапаттары менен айырмаланат.

Мисалы, ата-энелердин билими канчалык жогору болсо, балдары мектепте жакшы окушат. Азыркы ишкер ата-энелер өздөрү бошобой, балдарын чоң ата-энелерине жүктөшөт да, алардын билим алуусу да бир топ төмөнүрөөк, тарбиясы да татаалыраак болууда.

Материалдык жетишкендиктер боюнча элдин катмарга бөлүнүшү дагы үй-бүлө тарбиясындагы айырмачылыкка түздөн-түз таасир этет. Материалдык жактан ашыгы менен жетиштүү үй-бүлөдөгү балдар адамдар тарабынан түзүлгөн материалдык жана жан дүйнө байлыктарын баалабай, жалкоо, бекерпоз болуп өсүшүүдө. Турмуштагы кыйынчылыктарды сезүү, бирге көтөрүү ынтымакты күчөтөрү, кайгы-кубанычтарды тең бөлүшүүгө үйрөтөөрү изилдөөлөрдө аныкталууда.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн азайышы, бала төрөлүүнүн кыскарышы да педагогикада жаңы проблеманы пайда кылууда. Бир балалуу үй-бүлөдө балада пикирлешүүдөгү кыйынчылыктар пайда болуп, бала коллективдүү иш-аракет тажрыйбасына ээ боло албагандыктан, окуу процессинде кыйынчылыктар жаралат. Мында баланын жетекчиси, устаты, кеңешчиси, коргоочусу жок. Бала үй-бүлөнүн көңүл буруу борбору болуп калат да, бардык эркелетүү, кам көрүү жалгыз гана ага арналат. Эгер бул учурда ата-эне педагогикалык норманы бузуп, анын каалоосун жана керектөөсүн ашыгы менен орундатышса, анда сөзсүз түрдө өзүмчүл, эгоист, коллективдүүлүктү билбеген бала өсүп чыгат.

Андай бала мектепте да үйдөгүдөй эле ар дайым көңүлдүн борборунда болгусу келет. Мугалим дайыма эле бардык окуучуларга толук көңүл бура албай калышы мүмкүн. Мындай учурда ал баланын көңүлү чөгүп, өзүн эч кимге кереги жоктой сезип, «ага көңүл бурууга тоскоол болуп жаткан» классташтарына карата, «ага көңүл бурбай жаткан» мугалимге карата, анын натыйжасында, мектептеги окууга карата терс мамилеси пайда боло баштайт. Өзүмчүлдүк сезими күч алып «мектепте мени жакшы көрүшпөйт», «мугалим күндө мени карабайт», «мен окубайм» дегенге чейин барышып, ата-энелерин да бейпайга салышы мүмкүн. Бул педагогикалык процессте бир топ коркунучтуу жана оор.

Ошондуктан ата-энелер жалгыз баласынын балдар менен короодо ж.б. жерлерде көбүрөөк аралашуусуна көңүл бурушу зарыл. Алар жок дегенде көп балалуу үй-бүлөдөгү өзү теңдүүлөрдүн бири-бирине кылган мамилелерин, бири-бирине кылган камкордуктарын практикалык түрдө көрүп, сезиши керек.

Ошондой эле үй-бүлөлүк тарбиянын мазмуну өзүнүн конкреттүүлүгү, даана, тактыгы менен айырмаланат жана айрым учурда коомдук талап менен дал келбей, жалаң гана үй-бүлөнүн өз кызыкчылыгына кызмат кылып калышы да мүмкүн. Маселен, ата-энелердин коомдо, мамлекетте болуп жаткан ар кандай иш-чараларга карата кайдыгер мамилелери (шайлоого же айыл өкмөтүндөгү чогулушка барганча үйдөгү жумушту бүтүргөнүм артык, мен шайлагандан же шайлабай койгондон мамлекет бирдеме болуп кетпейт ж.б.у.с.).

Үй-бүлөлүк тарбиянын мүнөзү ошол үй-бүлөдөгү калыптанып калган мамилелердин өзгөчөлүктөрүнө жараша да болот. Башка социалдык коллективдерден айырмаланып, үй-бүлө түздөн-түз кайра түзүүгө баш ийбейт. Үй-бүлөдөгү моралдык, психологиялык жаңылануу процесси өтө узакка созулат да, карама-каршылыктуу жана татаал болот. Андагы жаңы мамилелердин, жаңы моралдын бекилиши өтө жай темпте ишке ашат. Маселен, үй-бүлөгө жаңы адамдын келиши, б.а., башка аталуу же апалуу болууну, же өздөрүнчө жашап жүрүп бир топ жылдан кийин чоң-ата, чоң-энелери менен бирге жашап калууну мисал кылсак болот. Анткени үй-бүлөнүн кайра өзгөрүүсүнө социалдык-экономикалык факторлордон башка дагы биологиялык, психологиялык факторлор катышат. Ошондуктан үй-бүлөнүн психологиясындагы мурда калыптанып калган мамилелердин, традициялардын туруктуулугу ушуну менен түшүндүрүлөт, аны тез эле өзгөртүү оңойго турбайт.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо башка тарбиянын баарынан эмоционалдуу келет, анткени ал ата-энелердин балдарга болгон мээримине жана балдардын ата-энесине карата сезимине негизделет.

Ошондуктан ата-энелердин балдарга болгон мээриминин орундуулугу менен акыл-эстүү талапты катуу коюусунун айкалышуусу жаш муундардын инсан катары калыптануусунда зор мааниге ээ. Ушуга байланыштуу коомчулук ата-энелердин педагогикалык жактан билиминин жана маданиятынын кандайдыр бир деңгелде өнүгүшүн талап кылат. Бул маселени билим берүү мекемелери менен үй-бүлөнүн тыгыз байланышы гана чече аларын изилдөөлөр көрсөтүүдө.

Адабияттар:

1. Алексеева Е.Е. Что делать, если ребенок… Психологическая помоүь семье с детьми от 1 до 7 лет: учебно-методическое пособие. – СПб.: Речь, 2012.
2. Васютин А.М. Самая лучшая книга по воспитанию детей/ – Ростов-н/Д: Феникс, 2011.
3. Комаровская Е.В. Помогите, у ребенка стресс! – СПб.: Питер, 2012.
4. Ковалев В.С. Психология семейных отношений. - М., 1987.
5. Сухомлинский В.А.. О семейном воспитании. - М., 1971.
6. «Шоокум» Илим, турмуш жана маданият журналы. - Бишкек, 2012-2015-жж.